**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д 13.15.522 диссертациялык кеңеши**

**Кол жазма укугунда**

УДК. 37:370.182.6

**МАДАМИНОВ ГАПЫР**

# АЙЫЛ МЕКТЕПТЕРИНДЕ АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2018**

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Каниметов Жангороз Каниметович**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Алимбеков Акматали**

педагогика илимдеринин кандидаты, доцент **Токтомаметов Алмазбек Даткабекович**

**Жетектөөчү мекеме:** Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасы (дареги: 714000, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331).

Диссертациялык иш 2018-жылы 5-сентябрда саат 13:00 до И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.18.573 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Дареги: 720026, Бишкек шаары, И. Раззаков көчөсү, 51.

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот (www.arabaev.kg).

Автореферат 2018 жылы 5 августта таркатылды

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор Калдыбаева А.Т.**

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз коомунун туруктуу өнүгүүгүсү анын баштапкы уюму болгон үй бүлө институтунун руханий-педагогикалык баалуулуктарынын бакубаттыгына байланыштуу болот. Кыргыз Республикасынын Конституциясында да үй-бүлө, ата-эне жөнүндө: "Үй-бүлө коомдун башаты, үй-бүлө, ата болуу, эне болуу, балалык бүткүл коомдун камкордугуна алынат жана мыйзам менен артыкчылыктуу корголот, балдарга камкордук көрүү, аларды тарбиялоо – ата-энелердин табигый укугу жана жарандык милдети", - деп белгиленген (КРнын Конституциясы, 16-берене, 2-пункт).

Күн тартибиндеги көйгөйлүү маселелердин катарында ар түрдүү өңүттөгү изилдөөлөрдүн предмети болуп келген. Мугалим жана ата-энелер коомчулугунун өз ара кызматташтыгынын көп кырдуу проблемалары Кыргызстандык изилдөөчүлөр А.И. Акулова, Б. Апышев, М.Р. Балтабаев, Бешимов, А.Э. Измайлов, Н.И. Имаева, С. Иптаров, К. Кыдыралиев, З. Кусеинова, М.Р. Рахимова, Б. Тойбаев, А. Акматалиевдердин эмгектеринде каралган. Ата энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүү маселелерине арналган изилдөөлөрдүн катарына Л.К. Адамова, В.Н. Аргунова, А.А. Григорьев, Л.Е. Васильева, К.Н. Сивцева, А.П. Шамаева, А.А. Умарбекова, А.Т. Какоевалардын диссертациялык эмгектерин кошууга болот.

Изилденип жаткан проблема боюнча илимий-педагогикалык адабияттарга жана социалдык-педагогикалык тажрыйбаларга жүргүзүлгөн анализ ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүгө кедергисин тийгизип жаткан бир катар карама-каршылыктар бар экендигин ачыкка чыгарды. Ал **карама-каршылыктар** өзгөчө төмөнкүдөй чөйрөдө ачык байкалат:

– балдарды окутуу, тарбиялоого карата коомдук талаптардын өсүшү менен ата-энелердин педагогикалык маданиятынын бул ишке салым кошуу дараметинин жетишсиздигинин ортосунда;

– ата-энелердин ар түрдүү формадагы социалдык-педагогикалык колдоолорго карата керектөөсү менен алардын өз билимин өркүндөтүүгө көмөк көрсөтүү багытындагы кызматтардын аздыгы жана сапаттык таасиринин аздыгынын ортосунда;

– мектептердин ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүү аракети менен бул багыттагы атайын иштелип чыккан методдордун, каражаттардын жетишсиздиги, таңкыстыгынын ортосунда;

– ата-энелердин өздөрүнүн педагогикалык маданиятын өркүндөтүү багытындагы объективдүү муктаждыктары менен мектеп мугалимдеринин

аларга реалдуу кеңеш-көмөк көрсөтүү даярдыгынын жетишсиздигинин ортосунда.

Кыргыз педагогикасында бул көйгөйлөрдүн чечилиш шарттары тууралуу илимий билимдер жетишсиз. Илим менен практикада орун алган бул көйгөйлөрдөн улам төмөндөгү **проблема** келип чыгат: Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын кандай педагогикалык шарттарда өнүктүрүүгө болот?

Белгиленген проблема *«Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары»* аттуу темада илимий изилдөө жүргүзүүгө түрткү болду.

**Диссертациянын темасы менен илимий изилдөөлөрдүн байланышы.** Изилдөөнүн темасы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты:** айыл мектептерде ата-энелердин педагогикалык маданиятынын өнүктүрүүнүн моделин иштеп чыгуу жана аны натыйжалуу ишке ашыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

**1.** Ата-энелердин окутуу жана тарбиялоо чөйрөсүндөгү маданиятын өркүндөтүүнүн тарыхый жана илимий-теориялык негиздерин ачып көрсөтүү.

**2.** Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн мазмунун, критериалдык көрсөткүчтөрүн, деңгээлдерин аныктоо.

**3.** Айыл мектебининде автордук “Энелер мектебинин” алкагында ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын айкындоо жана аларды эксперимент аркылуу текшерүү.

**4.** Изилдөөнүн натыйжаларынын негизинде жалпы орто билим берүүчү мектептер үчүн илимий-методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү**:

− ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүнүн тарыхый жана илимий-теориялык негиздери айкындалды;

− ата-энелердин педагогикалык маданиятынын мазмуну, структурасы, критерийлери иштелип чыгып апробациядан өткөрүлдү;

− айыл мектептериндеги ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттары аныкталды.

− ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүгө багытталган “Энелер мектебинин” автордук программасы жана колдонмолору апробациядан өткөрүлдү.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү – анын натыйжаларын пайдалануу, билим сапатына диагноздоо жана мониторинг жүргүзүү, өркүндөтүүгө, ата энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга жардам берет. Автор тарабынан иштелип чыгып

таасирдүүлүгү көп жылдык тажрыйбада тастыкталган “Энелер мектебин” – ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун жаңы модели катары колдонууга болот. Изилдөөнүн натыйжаларын камтыган автордун илимий методикалык колдонмолорун жогорку окуу жайлардын мугалимдерди даярдоо практикасында колдонууга болот.

**Коргоого коюлган негизги жоболор:**

1. Ата-энелердин окутуу жана тарбиялоо чөйрөсүндөгү маданиятын өркүндөтүүнүн тарыхый жана илимий-теориялык өбөлгөлөрүнүн анализи.
2. Ата-энелердин педагогикалык маданиятынын мазмуну, структурасы, критерийлери.
3. Айыл мектептеринин шартында ата-энелердин окутуу жана тарбиялоо чөйрөсүндөгү маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары жана аны ишке киргизүүгө байланыштуу автордук илимий-педагогикалык долбоорлор.
4. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары

**Изилдөөчүнүн жекече салымы:** Кыргыз айыл социумунун шартында ата энелердин педагогикалык маданиятынын мазмуну, структурасы, критерийлери аныкталды; “айылдык ата-эненин педагогикалык маданияты”, “энелер мектеби”, “маданияттуу үй-бүлө” ж.б. түшүнүктөрдүн мазмуну иштелип чыкты; “Энелер мектебинин” концепциясы жана технологиялык модели, ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн модели иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо жана тастыктоо:** Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизги жыйынтыктары областтык, регионалдык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда, илимий-усулдук семинарларда, симпозиум, форумдарда (2017-2018-жж.) окулду жана талкууланды. Изденүүчү изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарында, усулдук секцияларда лекцияларды окуп, тренингдерди өткөргөн. Эксперименталдык тажрыйбалык иштердин натыйжасында ишке ашырылган изилдөөнүн негизги идеялары көптөгөн гезит, журналдарга чагылдырылган. Кыргыз Республикасынын мугалимдеринин 3-съездинде автордун сунушу менен республикалык “Ата-энелер сиздер үчүн” газетасын чыгаруу тууралуу чечим кабыл алынып, чыгарыла баштады (Бишкек 2015-ж.). Лейлек районундагы: №3 гимназияда, №4 гимназияда, Сүлүктү шаарындагы: №9 гимназияда, №1 орто мектебинде, №3 орто мектебинде, Баткен шаарында: “Ж. Бөкөнбаев” атындагы орто мектепте, Чоң-Алай, Ош шаарынын бардык мектептеринде, Ноокат, Араван райондорундагы мектеп, гимназияларында автордун “Энелер мектеби” жобосу жана программасынын негизинде “Энелер мектеби” ачылып, иштеп келүүдө.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы:** Тема боюнча автор тарабынан 3 усулдук колдонмо, 13 илимий макала жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан жана алардан келип чыккан жыйынтыктардан, жалпы корутундудан, библиографиядан жана тиркемелерден турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – 198 бет.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Изилдөөбүздүн биринчи главасы **«Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн илимий-теориялык негиздери»** деп аталып, мында изилдөөнүн биринчи милдетин ачып берүүгө мүмкүн болду. Аталган бөлүмдө ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн тарыхый-педагогикалык анализи жүргүзүлдү.

Адам баласы балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо үчүн адегенде ата-энелердин өздөрүнүн атайын билими, даярдыгы, жөндөмү зарыл экендигине миңдеген жылдар илгери эле түшүнүп келгендиги маалым. Г.Н. Волков «Үй-бүлө – элдик пелагогиканын данеги сыяктуу, ал өткөн муундардын тарбиялык тажрыйбасын өзүнө камтыган тарыхый бөлүкчө, ячейкасы» деп эсептеген. Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо ата-энелердин өздөрүнүн атайын билими, даярдыгы, жөндөмүнөн көз каранды экендиги кылымдык тажрыйбаларды камтыган макал -лакаптардан баштап “Манас» эпосуна чейинки улуу педагогикалык эстеликтерде так, даана жана туруктуу белгиленип келген. Элдик педагогикада балдардын кандайдыр бир тармакта өнөр билимге ээ болуп жетилиши үй бүлө тарбиясы аркылуу чечилээри “Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат, таалим көргөн көч баштайт” – деген накыл кеп аркылуу таамай так туюнтулган. Демек, элдик акылмандык балдарды тарбиялоо ата менен эненин тең даражадагы жоопкерчилиги катары карап алардын милдеттерин жана жоопкерчиликтери өз-өзүнчө чечмелеген. «Атаң барда эл тааны» дегендей балдардын коом мүчөсү катары социалдашуусу аталардын эң жооптуу милдети болгон. Ал эми энелердин идеалы, анын балдарга карата мээрман сүйүүсү менен гана эмес, баарыдан мурда аларды элдин, улуу муундардын эреже-салтына ылайык тарбиялоого багытталган мээнети, билгичтиги, чеберчилиги менен өлчөнөт. А. Алимбековдун пикиринде “Манас” эпосунда куулуп азган элинин чачылганы жыйналып, жоголгону табылып, түзөлүп, уланып кетиши Каныкейдин энелик жана тарбиячылык ишмердүүлүгүнө: Семетейдин суук көздөн сактап, шумкардай таптап ата-бабаларынын баатырдык салтында чебер тарбиялай алгандыгы менен түшүндүрүлөт. Ошентип, Каныкейдин инсаны эне коомдун түзүүчүсү, уюткусу деген жалпы адамзаттык акыйкатты ар тараптуу ырастайт”.

Балдарды өзүн-өзү тейлөө боюнча көндүмдөргө кыргыз үй-бүлөсүнүн шартында үйрөтүү өтө эле эрте, 5-6 жаштан башталган. Ата-эне эмгекке тарбиялоонун бардык маселелери боюнча балдарынын мугалими жана

насаатчысы болгон. Башкача айтканда үй-бүлө өзүнө мүнөздүү структурасы бар педагогикалык системаны түзөт. Анын компоненттери болуп тарбиялануучулар, тарбиялоочулар, тарбиялоо каражаттары жана тарбиялык процесс эсептелет. Үй-бүлөдө тарбиячылар катары ата-эне, чоң ата, чоң эне ал эми тарбиялануучулар катары алардын балдары, неберелери эсептелет. Ошондой эле тарбиячылар катары балдардын өздөрүнөн улуу ага-эжелери жана башка туугандары да эсептелиши мүмкүн.

Тарыхта педагогиканын классиктери Я.А. Коменскийдин "Энелер мектеби", И.Г. Песталоцци "Энелер үчүн китеп", А.С. Макаренко "Ата энелер китеби", В.А. Сухомлинскийдин "Ата энелер педагогикасы" атуу эмгектери ата энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү максатында жаралган. Ал эмгектердеги ата-энелерге багышталган үй-бүлөдө баланы кантип окутуп тарбиялоо жөнүндөгү баалуу ой-пикирлер азыр да актуалдуулугун жогото элек.

Кыргызстанда да үй-бүлө тарбиясынын проблемаларына белгилүү окумуштуулар А.И. Акулова, А.Э. Измайлов, М.Р. Рахимова, элдик педагогиканы изилдөөчүлөр А. Аттокуров, Ж. Бешимов, Н.И. Имаева, Д.И. Койчуманов, С.Ш. Саипбаев ж.б. лар кайрылышкан. Акыркы жылдары үй-бүлөдө жана мектепте балдарга таалим-тарбия берүүнүн жалпы педагогикалык жана этнопедагогикалык проблемаларынын чечилиши (А. Абдраимова, А. Алимбеков, Н.А. Асипова, Г.Т. Карабалаева, Л.П. Кибардина, Ж.Б. Карасартова, Н.Ж. Сартбекова, Б.А. Шайкенов) ж.б. эмгектеринде каралган.

Бала үй-бүлөдөн акыл-эс, нравалык этикалык, эстетикалык, эмгек жана дене тарбиясы жагынан жеткиликтүү деңгээлде билим, билгичтик жана көндүмдөргө ээ болгондо гана анын ар тараптуу өнүгүүсүнө жетишүүгө болот. Ата-энелердин тарбиялоодогу тажрыйбаларын элдик педагогиканын каражаттарысыз элестетүү мүмкүн эмес. Ал эми ата-энелер менен ийгиликтүү кызматташа билүү мугалимдин педагогикалык компетенттүүлүгүнөн көз каранды. Демек, ата-энелер менен бирдиктүү иш алып барууда мугалимдер өздөрү да психолого-педагогикалык, социалдык-педагогикалык жана этнопедагогикалык билимдердин комплексине ээ болуусу зарыл.

Социологдордун эскертүүсү боюнча бүгүн үй-бүлө кризистик абалда турат. Калкынын 2/3 бөлүгү айылда жашап, 80% айылдык мектептер болгон Кыргызстан үчүн учурда үй-бүлөнүн жана мектептин кризистик абалы мүнөздүү. Бул изилдөөбүздө айыл мектептеринин окуучуларынын билим деңгээлин, билим сапатын жакшыртууда мектеп, ата-энелердин үй-бүлөдө ата-эне менен балдардын кызматташуусунун абалын, ата-энелердин педагогикалык билим, билгичтиктеринин деңгээли, үй-бүлө тарбиясы боюнча маалыматтарды, балдардын тарбиясы боюнча окуган китептерин, мектеп менен байланыш, сабактарга катышуусу, үй-бүлө тарбиясындагы чечүүчү маселелерди ж.б.ларды анализдөө болду. Ал эми класс жетекчинин иши боюнча мугалимдин ата-энелер

менен иштөө методунун, формаларынын билүүсү жана бул багыттагы ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун үйрөнүүсү ж.б.лар белгиленген.

**«Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын калыптандыруу»** деп аталган экинчи главада изилдөөбүздүн экинчи жана үчүнчү милдети чечмеленди. Бул милдеттердин алкагында алгач проблеманын түйүндүү түшүнүктөрүнө түшүндүрмө берилди.

Методологиялык илим айдыңынан маданият – бул белгилүү бир адамга же коомго мүнөздүү болгон ойлордун жана иш-аракеттердин образы. (М. С. Коган) Педагогикалык маданият жалпы маданиятынын бир бөлүгү катары жана адамзаттын таалим-тарбия ишмердүүлүгүнүн ыкмалары катары мүнөздөлөт. Ал эми ***ата-энелердин педагогикалык маданияты*** деп – ата-энелердин тарбиячы катары жетиктигинин даражасын көрсөтүүчү жана балдарга үй-бүлөлүк, коомдук тарбия берүү процессинде ачыкка чыккан педагогикалык даярдыгынын деңгээлин түшүнөбүз. (О.Л. Зверева, Т.В. Кротова)

Акыркы жылдары үй-бүлөлүк тарбияга жаңыча жандашуу, көз караштар; системалык-структуралык, функционалдык-структуралык, аксиологиялык, инсанга багытталган жана жаңы концепциялар: социалдык-маданий, типтүү-идеалдуу, бир туугандыкка, жубайлыкка, ата-энеликке багытталган тарбиянын норма жана образдары пайда болууда.

Арийне, Кыргызстандын таалим-тарбия мейкиндиги өзүнө таандык социалдык -экономикалык, менталдык детерминанттар менен шартталган бөтөнчө кубулуш. Экинчиден, азыркы учурда кыргыз айылдары социалдык-экономикалык кризиске кептелип, ал көйгөйлөрдүн баары тикеден-тике ата энелердин педагогикалык ишмердүүлүгү үчүн адаттан тыш милдеттерди жаратты. Биз айылдык ата энелердин педагогикалык маданиятынын образы кандай болуу керек? деген маселени изилдеп айкындоодо жогорку факторлорду эске алдык.

Диссертациялык изилдөөбүздө ата-энелердин педагогикалык маданиятынын мазмуну, структурасы жана критерийлери иштелип чыкты. Ата-энелердин педагогикалык маданияты: когнитивдик, операциялык, коммуникативдик, рефлексивдүү, эмоционалдык сыяктуу компоненттерден турат.

*Когнитивдик компонент* – үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо үчүн зарыл болгон физиологиялык-гигиеналык, психологиялык-педагогикалык, укуктук билимдердин белгилүү суммасы.

*Операциялык компонент* – ата-энелердин балдарга тарбиялык таасир берүүсүнүн максат, метод, ыкма, формаларын билүүсү; үй-бүлөдө балдардын жакшы жашоосун уюштуруу; балдардын жөндөмдүүлүктөрүн байкоо.

*Коммуникативдик компонент* – ата-энелердин үй-бүлөдө жакшы, жагымдуу климат түзө билүүсү. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирин түшүнүүсү,

бири биринин пикирине чыдамы: конфликттердин алдын алуу жана чече билүү жөндөмү.

*Рефлексивдик компонент* – өз ишмердүүлүгүн, мамилесин, абалын анализдей билүүсү: пайдаланып жаткан метод, ыкмалардын зарылдыгы жана эффекттивдүүлүгүнү ийгилик жана кемчиликтеринин себебин, үй-булө тарбиясындагы кыйынчылыктарды анализ кыла билүүсү.

*Эмоцианалдык компонент* – татаал жагдайларда өзүн кармай билүүсү. Балдардын абалын алардын жүрүм-турумунун байкалып, байкалбаган белги, өзгөчөлүктөрү боюнча түшүнө билүүсү, балдардын көйгөйлөрүн байкап, аларды чечүүгө балдарга жардам бере билүүсү: ата- энелердин эмпатияга, балдар менен кошо сезе билүү, сүйүнүү, капалануунга жөндөмдүүлүгү.

Изилдөөнүн милдеттерине ылайык аталган компоненттерде камтылган компетенцияларды калыптандыруу процессиндеги диагностика иштери үчүн критерийлери иштелип чыкты. Изилдөөнүн локалдык натыйжаларына ылайык андай критерийлер катары төмөнкүлөр аныкталды: нравалык-этикалык, психологиялык-педагогикалык, өз билимин өркүндөтүү билими, ата-энелердин чогулуш, конференцияларда активдүүлүгү, ата-энелердин үй-бүлөдөгү тарбия иш-аракети, үй-бүлөдө жагымдуу моралдык-психологиялык климаттын болушу, ымала маданияттын болуусу, үй-бүлөлөдө окутуу жана тарбиялоонун натыйжалуулугу. Ата энелердин педагогикалык маданиятынын сапаттык жана сандык айрымачылыктарын жогорку, ортоңку, төмөнкү үч деңгээлге ажыратып кароо мүмкүн экендиги айкындалды (1-сүрөт).

Арийне, кандай гана оптималдуу модель болбосун аны акыйкатка айланышы айкындалган шарттардан көз каранды.

Изилдөөнүн гипотезасына ылайык ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн төмөнкүдөй педагогикалык шарттарын аныктадык: ата-энелерди балдарды тарбиялоого көмөк берүүчү илимий-педагогикалык, популярдуу, адабий, маданий ж.б. китептер менен камсыздоо; балдардын жаш курагын, жеке өзгөчөлүктөрүн эске алып, тарбиялоочу ата-энелер мектебин уюштуруу; мугалимдердин, класс жетекчилердин өз билимин өркүндөтүүсү жана өз алдынча билим алуусу аркылуу педагогикалык маданиятын жогорулатуу; мугалимдердин, ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу боюнча максаттуу даярдоо жана кайра даярдоо; мугалимдердин жана ата-энелердин жаңы информациялык чөйрөдө жана информациялык коомдо иштөөгө даярдыгын (интернет технологиялары, мультимедиа каражаттары ж.б. технологиянын жетишкендиктери менен иштөө) камсыздоо эсептелди.

***МАКСАТЫ:*** Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү

***КАРАЖАТТАРЫ:*** "Энелер мектеби". Ата-энелер чогулушу.

***КОМПОНЕНТТЕРИ:*** негизги компоненттер

| | |
|---|---|
| когнитивдик | рефлексивдүү |
| операциялык | эмоционалдык |
| коммуникативдик | |

**АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ**

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1.** Ата-энелерди илимий педагогикалык китептер менен камсыздоо. | **2.** Балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алып, тарбиялоочу ата – энелер мектебин уюштуруу. | **3.** Мугалим, класс жетекчилердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу. | **4.** Мугалимдерди ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу боюнча максаттуу даярдоо жана кайра даярдоо. | **5.** Мугалимдерди жана ата-энелердин жаны информациялык чөйрөдө иштөөгө даярдыгы. | **6.** Мектептин жана мугалимдердин ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүгө жетекчилиги, координатор болуусу. | **7.** Айылдагы соц. мекеме, уюмдардын ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүдө кызматташуусу. | **8.** Ата-энелердин педагогикалык маданиятын аныктоо,өлчөө өркүндөтүүгө жетекчилик кылуучу уюмдун болуусу, иштөө механизмин түзүү. |

**КРИТЕРИЙЛЕРИ**

| | | |
|---|---|---|
| **1.** Нравалык этикалык | **4.** Ата-энелердин чогулуш, конференцияларда активдүүлүгү | **7.** Үй-бүлөдөгү жагымдуу МПК.(мор.-психолог. климат) |
| **2.** Пелагог.-психологиялык билим | **5.** Үй-бүлөдөгү тарбиялык ишмердүүлүгү | **8.** Ымала маданияттын болуусу |
| **3.** Өз алдынча билимин өркүндөтүү | **6.** Тарбиялоонун натыйжасы | **9.** Тарбия баалуулугунун болуусу |

**МЕТОДДОРУ**

| | | |
|---|---|---|
| мактоо, ынандыруу | талап кылуу, түшүндүрүү | жазалоо, көндүрүү, |
| ишеним көрсөтүү, үлгү болуу | шыктандыруу, үйрөтүү, кенеш берүү | тыюу, сындоо ж.б. |

**ЖЫЙЫНТЫГЫ**

***АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНЫН ӨРКҮНДӨӨСҮ***

**1-сүрөт. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн модели.**

Диссертациялык изилдөөбүздө айкындалган компоненттер алардын критерийлери жана деңгээлдери, калыптаныш мүнөздөмөлөрү баары биримдикте айылдык ата-энелеринин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүнүн модели демек, акыркы натыйжасы, ориентири катары кабылданды.

Биз тарабынан долбоорлонгон модель айылдык ата-энелеринин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүнүн модели өзүбүз жетектеген Баткен областынын Лейлек районундагы 3-эксперименталдык гимназиясында ишке киргизилди.




**2-сүрөт. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү боюнча программанын негизги блоктору**

Буга байланыштуу биз мектеп алдында “Энелер мектебин” түздүк. Анын максат милдеттери төмөнкүчө белгиленди:

– энелерге, айрыкча жаш энелерге – балдарды тарбиялап өстүрүүгө кызыгууну, жоопкерчиликти ойготуу;

– балдардагы бардык жакшы сапаттардын көпчүлүгү энелерден өткөнүн эске алып, айыл жериндеги энелерге үй-бүлөдө балдарды мектепке даярдоого көмөк көрсөтүү;

– үй-бүлөдө балдардын сезүү, кабылдоо, ойлоо, эстеп калуу ж. б. таанып-билүүгө, билим алууга зарыл сапаттарын калыптандыруунун эң жөнөкөй жолун, методун ыкмаларын үйрөнүү;

– азыркы шартта көпчүлүк балдардын (90%) балдар бакчасына барбагандыгын эске алып балдардын мектепке чейинки даярдыгын үй-бүлөдө толтурууга азда болсо энелерге көмөктөшүү;

– эң жөнөкөй педагогикалык маалыматтардын негиздерин билген эне-тарбиячы, эне-педагогду даярдоо аркылуу, мектепке келе турган балдар үчүн үй-бүлөдө алгачкы мектеп – *эне мектебин* даярдоого көмөктөшүү.

Энелер мектебине 1-класска балдары келе турган жаш энелер кабыл алынат. Бирок булардан тышкары да каалоочулар жобо шартын аткарса катышуусу мүмкүн. Жаңы окуу жылынан балдары 1-класска келе турган бардык энелер үчүн «Эне мектебинен» даярдыктан өтүү милдеттүү. Окутуу тездетилип кыскартылган жана кеңейтирилген программа менен өтүлүүсү мүмкүн. «Эне мектебиндеги» окуу, экзамен менен жыйынтыкталып, атайын үлгүдөгү күбөлүк (справка) берилет.

"Энелер мектебинин" жобосуна ылайык ишти ыраатуу алып баруу үчүн 60 сааттык сабактар программасы иштелип чыкты. Программанын тематикалык алкактарын айылдык ата энелердин педагогикалык маданиятынын мурда аныкталган компоненттерине шайкеш келтирүүгө аракет жасадык.Мында эң оболу жасалма теориялаштыруудан качып, ата-энелердин реалдуу муктажлыктарын эске алдык. Программанын мазмуну ата энелердин суроо талаптарын жана эксперттердин сунуштарынын негизинде өркүндөтүлүп келет. Буга байланыштуу программанын негизинде жазылган окуу куралдын тематикасы акыркы 14 жыл ичинде олуттуу өзгөрдү.

Окуу куралдын акыркы варианты төмөнкүдөй темалардан турат: ата-эне болуу чоң жоопкерчилик; туура тарбия; балдарга кымбат баалуу телефон, машина зарылбы же мээримдүү мамиле, тарбия зарылбы? ата-эне, тарбиячы болууга даярдануу; балдар тарбиясы, мүнөзүндөгү каталар жана алардын себептери; тарбиянын баалуулугу; тарбиялуу адам (белгиси, касиети, сапаттары); тарбиянын жеке адам инсанга таасири; тарбияны бузуучу, алыстатуучу таасирлер; үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо принциптери жана методдору; үй-бүлөдө балдарды тарбиялоонун кээ бир методдору; үй-бүлөдө балдар тарбиясында амал кылуу зарыл болгон 17 эреже; ата-энелердин үй-бүлөдө балдар менен алып баруучу тарбиялык аңгеме, сабак, иш-чараларынын болжолдуу программасы.

Биздин жүргүзгөн изилдөөбүз көрсөткөндөй, ата энелердин заманбап педагогикалык билим жана практикалык кеңештерди өз балдарын окутуу тарбиялоодо колдонуу билгичтигине ээ болуусунун маанилүү шарты болуп окуу процессининин активдүү методдордун негизинде уюштурулушу болуп эсептелет. Бул методдорго: мактоо, ынандыруу ишеним көрсөтүү, үлгү болуу

талап кылуу, түшүндүрүү шыктандыруу, үйрөтүү, кенеш берүү, жазалоо, көндүрүү, тыюу, сындоо ж.б.кирет.

Сабактарда ар бир эненин мүмкүнчүлүктөрүн жана потенциалын эске алып ошого жараша атайын педагогикалык үйрөтүү программаларын долбоорлоо үчүн алар алгачкы диагностикалык иш чаралардан өтөт. Ал үчүн «Энелер мектебинде» атайын анкеталык суроолор, байкоо усулдары иштелип чыккан. Мындан тышкары энелер *«Менин үй бүлөм», «Менин тарбиялык тажрыйбам»* деген темаларда сочинение жазышат. Мындай материалдар педагогдор тарабынан тыкыр талдоого алынат.

*Биздин тажрыйбабыздын алкагында ата энелердин* педагогикалык маданиятынын өнүгүш динамикасын ачыкка чыгарып, стимулдаштырган тасирдүү методдордун бири "Эң мыкты сабак даярдоочу бөлмө", "Мыкты үй бүлө", "Мыкты эне" конкурстары болду. Бул иш чарага кадыресе ишмердүүлүктөн жаңычыл багытка кадам таштап белгилүү өлчөмдө өз билиминдеги өксүктөрдү байкоо, жаралган суроолордун жообун табуу, тарбия ишин ийгиликтүү жүргүзүү боюнча рационалдуу тажрыйбага ээ болууну көздөгөн энелер катышат. «Мыкты сабак даярдоочу бөлмө» конкурсун уюштурдук уюштуруунун дагы бир себеби, айыл жеринде көпчүлүк ата-эне бул маселеге анчалык маани бербестен, айрымдарынын үй-бүлөсүндө стол, стул жок, балдарына сабак даярдоо үчүн атайын бөлмө бөлүнгөн эмес. Балдары үйдө туш келген жерде олтуруп жазып, окуп, каллеграфиясы (колу), көзүнүн көрүүсү бузулуп, кыйналууда.

Бул конкурс боюнча жеңүүчүнү аныктоо атайын критерийлер аркылуу ишке ашат. Ата энелер тарабынан балдар үчүн даярдалган бөлмө атайын критерийлерге жооп беришин аныктоо үчүн жюри мүчөлөрү окуучунун үйүнө баарып баалап келет. Андан соң окуучуга өз бөлмөсү жөнүндө билдирүү даярдоо боюнча тапшырма берилет. Соңунда жеңип чыккандардын бөлмөсүндөгү артыкчылыктарды үйрөнүп тажрыйбасын арттыруу үчүн энелер экскурсиясы уюштурулат.

*«Мыкты үй бүлө»* конкурсу бардык балдары эң жакшы окуган ата-энелердин тажрыйбасын үйрөнүү, жайылтуу максатында атайын түзүлгөн жобонун негизинде өткөрүлөт. Атайын көргөзмөдө «Мыкты үй-бүлөлөрдүн» балдарынын билим алуудагы жетишкендиктери китеп, дептерлери, күндөлүктөрү, сочинение, баалары ж.б. коюлган. Ардак Грамота, сыйлык, алкыш баракчалары демонстарцияланат. Конкурска ата энелерден тышкары жергиликтүү бийлик өкүлдөрү катышат. Атайын жюринин чечиминен кийин жеңип чыккан «Мыкты үй-бүлөлөр» сахнадан орун алып кезек кезеги менен өз тажрыйбаларын бөлүшөт. Ал эми *«Мыкты эне»* конкурсунда жеңүүчүлөр төмөнкү критерийлердин негизинде аныкталат: балдарынын жакшы билим, тарбиясы; сабактарга катышуусу; мектеп менен байланышы; эне тарбиясы жөнүндө өз көз карашына, ой-пикир, сунуштарына ээлиги; үлгүлүү энелердин

(дүйнөлүк, кыргызстандык, айылдык) тарбия системасын билүүсү жана пайдалануусу; тарбия жөнүндөгү окуп чыккан китептери; тазалык, сарамжалдуулук, чебердик ж. б. энелик (аялдык) зарыл сапаттардын болуусу; насаат айтуу, кызыктыруу, түшүндүрүү, ынандыруу жөндөмү; *«Мыкты үй-бүлө», «Маданияттуу үй-бүлө», «Ата-энелер, сиздер үчүн»* аттуу усулдук сунуштарды билүүсү, турмушта пайдалануусу.

Ошентип калыптандыруучу эксперименттин алкагында биз иштеп чыккан каражаттардын системасы ата энелердин педагогикалык маданиятынын дээрлик бардык компоненттерин өнүктүрүүгө багытталды.

Ал эми диссертациянын **«Педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыктары»** деп аталган үчүнчү главасында изилдөөбүздүн төртүнчү милдети аткарылды.

Педагогикалык эксперимент 2004-2017-жылдарды камтып, 3 этапта жүргүзүлдү: аныктоочу, изденүүчү жана калыптандыруучу. Аныктоочу эксперимент Баткен областынын Лейлек районун №3 гимназиясында, Чалдыбалды Б. Саттаров, №4 гимназиясында, Сүлүктү шаарындагы Р. Жолбаев атындагы мектепте, Баткен районундагы Кызыл-жол орто мектебинде ж.б. мектептерде жүргүзүлдү. Экспериментке жалпысынан 17 мектеп тартылып, 1000ден ашык окуучу, 570 ата-эне, 247 мугалим катышты. Мында экспериментке ата-энелердин тарбия процессине активдүү катышкандыктарынын таасириндеги билим сапатты текшерүү үчүн окуучулар катышкан болсо, педагогикалык маданиятты калыптандырууга багыттоо максатында мугалимдер тартылды. Ал эми ата-энелер түздөн-түз тарбия ишмердигине катышкан изилдөөбүздүн объектиси болуп саналат.

Изденүүчү эксперимент Баткен областынын Лейлек районун №3 гимназиясында жүргүзүлүп биз тарабынан долбоорлонгон “Энелер мектебинин” мазмундук дидактикалык модели долбоорлонду, негизги жоболору, принциптери иштелип чыгып, өзүнчө “Ата энелер сиздер үчүн” деген аталыштагы китеп таризинде жарыяланып эксперттик пикирлердин негизинде коррекцияланды.

Калыптандыруучу эксперимент 2011-2012, 2012-2013, 2013-2014, 2014-2015, 2015-2016 окуу жылындарында ошол эле мектептин базасында 5-класска кирген окуучулар 10-классты аяктаганга чейин улантылды.

Калыптандыруучу эксперимент “Энелер мектебинин” алкагында ата-энелердин педагогикалык маданиятынын бардык компоненттерин өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын толугу менен сыноодон өткөрүүгө багытталды.

Эксперименттин жүрүшүндө ата-энелердин педагогикалык маданиятын ***жогорку, ортонку, төмөнкү*** деңгээл деп бөлүп кароого алып келди. Ал өз кезегинде эксперименттик иштерди андан ары жүргүзүүбүзгө жакшы өбөлгө түздү.

Бул иш чаралардын натыйжасында экспериментке чейинки педагогикалык маданияты төмөн жана орто болгон ата-энелерде бир топ жогорулоо болду. Аны биз атайын анкеталардын негизинде аныктап, таблицага түшүрдүк. Ал анкеталар боюнча ата-энелердин тарбиялык ишмердүүлүгү жана билим, билгичтиктери 3 топко бөлүнүп үйрөнүлдү.

1. Тарбиянын максат, багыт, план, метод, формаларын аныктай билүүсү.
2. Балдардын турмушун билим, тарбия алуусун, эс алуусун, ата-энелер өздөрүнүн ишмердүүлүгүн уюштуруусу.
3. Ата-энелер менен балдардын, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосунда туура, жагымдуу мамиле түзө билүүсү.

Мына ушул 3 багыт боюнча ата-энелердин билим, билгичтиктерин анкеталар аркылуу талдап чыкканыбызда, төмөнкү таблица келип чыкты (1-таблица).

## 1-таблица. Ата-энелердин педагогикалык маданиятынын деңгээли

| **Ата-энелердин педагогикалык маданияты. (ишмердүүлүгү)** | *Экспериментке чейин.* | | | *Эксперименттен кийин.* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Жогору** | **Орто** | **Төмөн** | **Жогору** | **Орто** | **Төмөн** |
| **Тарбиянын максат, план, багыт, метод, формаларын аныктап билүүсү.** | 15,1 | 40.4 | 53 | 36 | 53.5 | 25.2 |
| **Балдардын турмушун билим, тарбия алуусун, эс алуусун, ата-энелер өздөрүнүн ишмердүүлүгүн уюштуруусу.** | 17 | 38.2 | 48 | 30.4 | 36.5 | 19.4 |
| **Ата-энелер менен балдардын, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосунда туура, жагымдуу мамиле түзө билүүсү.** | 17.1 | 25.2 | 46 | 32 | 42 | 25 |
| Жалпы: | 16.4% | 34.6% | 49% | 32.8% | 44% | 25.2% |

*Таблицада көрүнүп тургандай*, экспериментке чейин ата-энелердин тарбиялык билим, билгичтиктеринин “жогору” болгонунун орточо көрсөткүчү 16,4% болсо, “орточо” жана “төмөнкүсүнүкү” 82.6%. Мында “төмөнкү” деңгээл баарынан жогору болуп, 49% түздү, “ортонку” 34,6% болду.

Ал эми эксперименттен кийин “Жогорку” 32,8%, “орто”44%, “төмөнкү” 23.2% түздү. Мында жогорку деңгээл эки эсеге б.а. 50%га, “ортонку” 25%га өстү. Ал эми “төмөнкү” деңгээлдеги ата-энелер 53% төмөндөгөн.

Ошентип, биз “Энелер мектеби” модели аркылуу ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун педагогикалык шарттарын таап, аларды айыл шартында түзүп, иштеткенибизден кийин, ата-энелердин педагогикалык маданияты “орточо” жана “жогоркусун” кошуп алганда 76,8% жетип, жакшы өзгөрүүлөр болуусу жана ата-энелердин педагогикалык

маданияты жогорулоосу менен окуучулардын билим-тарбиясынын сапатынын жогорулоосу далилденди. Демек, биздин экспериментибиздин максаты ишке ашты десек болот.

## 2-таблица. – Ата-энелердин педагогикалык маданиятынын экспериментке чейинки жана эксперименттен кийинки анкетасынын салыштырма таблицасы

| | “Контр.” класс. “Энелер мектебине” чейин. | | | “Экспер.” класс. “Энелер мектебинен” кийин. | | | Өсүү % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Ооба** | **Жок** | **Кээде** | **Ооба** | **Жок** | **Кээде** | |
| **Тарбиянын максат, принциптерин билесизби?** | 54<br>40% | 82<br>60% | | 118<br>87% | 17<br>13% | | 47% |
| **Тарбиянын методдорун билесизби?** | 27<br>20% | 109<br>80% | | 122<br>90% | 14<br>10% | | 70% |
| **Өзүңүз үлгү боло аласызбы?** | 54<br>40% | 68<br>50% | 14<br>10% | 95<br>70% | 39<br>28% | 2<br>2% | 30% |
| **Үй-бүлөдө тарбиялык саат, аңгеме өтөсүзбү?** | 40<br>30% | 82<br>60% | 14<br>10% | 116<br>85% | 14<br>10% | 6<br>5% | 55% |
| **Балдардын ой өрүшү-кругозорун өстүрөсүзбү?** | 27<br>20% | 96<br>70% | 12<br>9% | 95<br>70% | 24<br>18% | 16<br>12% | 50% |
| **Балдардын психология, физиология, гигиенасын билесизби?** | 40<br>30% | 96<br>70% | | 97<br>72% | 39<br>28% | | 42% |
| **Тарбияда этнопедагогиканын элементтерин пайдаланасызбы?** | 40<br>30% | 82<br>60% | 14<br>10% | 122<br>89% | 9<br>7% | 5<br>4% | 59% |
| **Балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алып, тарбиялоону билесизби?** | 40<br>30% | 96<br>70% | | 126<br>93% | 10<br>7% | | 63% |
| **Үйдө баланын сабак даярдоосун уюштурууга, тарбиялоого убакыт бөлөсүзбү?** | 34<br>25% | 82<br>64% | 20<br>15% | 112<br>82% | 14<br>10% | 10<br>8% | 57% |
| **Мектепте балаңыздын сабагына катышасызбы?** | 40<br>30% | 74<br>61% | 12<br>9% | 122<br>90% | 19<br>7% | 4<br>3% | 60% |
| **Ата-энелер чогулушуна катышасызбы?** | 68<br>50% | 54<br>40% | 14<br>10% | 121<br>87% | 6<br>5% | 9<br>8% | 37% |
| **Баланыздын жашына ылайык адабий китеп алып бересизби?** | 40<br>30% | 88<br>65% | 8<br>5% | 116<br>80% | 14<br>10% | 6<br>5% | 50% |
| **Үйдө балдар менен чогуу адабий китеп окуп, талкуулайсызбы?** | 35<br>26% | 91<br>67% | 10<br>7% | 121<br>88% | 10<br>8% | 5<br>4% | 62% |
| **Үй-бүлөдө балдардын эс алуусу, окуусу, иштөөсү, ойноосу үчүн шарт түзүлгөнбү?** | 72<br>53% | 44<br>47% | | 124<br>91% | 12<br>9% | | 38% |
| **Сабак даярдоочу бөлмө барбы?** | 68<br>50% | 68<br>50% | | 132<br>97% | 4<br>3% | | 47% |
| **Балаңыздын күндөлүк, дептерин кызыгып текшересизби?** | 54<br>40% | 68<br>50% | 14<br>10% | 120<br>87% | 10<br>8% | 6<br>5% | 47% |
| **тарбиянын багыттарын билесизби?** | 40<br>30% | 96<br>70% | | 114<br>84% | 21<br>16% | | 54% |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **“Энелер мектебинде ” окугансызбы?** | 27<br>20% | 109<br>80% | | 136<br>100% | | | 80% |
| **Өзүңүз педагогикалык адабият окугансызбы?** | 17<br>12% | 109<br>80% | 10<br>8% | 114<br>84% | 12<br>9% | 10<br>7% | 72% |
| **Балаңыз үчүн күндөлүк режим түзүлгөнбү?** | 54<br>40% | 82<br>60% | | 130<br>95% | 6<br>5% | | 55% |

Дээрлик бардык суроолордо эксперименттен кийин “ооба” жана “жоктун” эсебинен өсүү болду. Максималдык өсүү 80%, минималдык өсүү 30%.

## 3-таблица. – Ата-энелердин педагогикалык маданиятынын эксперименттик жана контролдук класстар боюнча таблицасы

| | **Контр.класс (28 ата-эне)** | | | **Эксперим.класс (30 ата-эне)** | | | **Өсүү %** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ооба | жок | кээде | ооба | жок | кээде | |
| **Тарбиянын максат, метод, принцип, формаларын билесизби?** | 10<br>35% | 18<br>65% | | 26<br>88% | 4<br>12% | | 53% |
| **Тарбиянын багыттарын билесизби?** | 9<br>32% | 19<br>68% | | 25<br>85% | 5<br>15% | | 53% |
| **Өзүңүз педагогикалык адабият окуйсузбу?** | 7<br>25% | 27<br>61% | 4<br>14% | 26<br>81% | 3<br>13% | 1<br>6% | 56% |
| **Балдардын физиология, психология, гигиенасын билесизби?** | 10<br>35% | 28<br>65% | | 24<br>75% | 6<br>25% | | 40% |
| **Тарбияда этнопедагогиканын элементтерин пайдаланасызбы?** | 7<br>25% | 16<br>57% | 5<br>18% | 27<br>86% | 1<br>5% | 2<br>9% | 61% |
| **Балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алып тарбиялоону билесизби?** | 11<br>39% | 17<br>61% | | 26<br>80% | 4<br>20% | | 41% |
| **Үй-бүлөдө балдардын эс алуусу, окуусу, иштөөсү, ойноосу үчүн шарт түзүлгөнбү?** | 14<br>50% | 14<br>50% | | 29<br>98% | 1<br>2% | | 45% |
| **“Эне мектебинде” окугансызбы?** | | 28<br>100% | | 30<br>100% | | | 100% |
| **Баланы тарбиялоо көндүм, ыкмаларын билесизби?** | 8<br>28% | 20<br>72% | | 25<br>70% | 2<br>20% | | 52% |

*Эскертүү*: Эксперименттин натыйжасында эксперименттик жана контролдук топтон алынган анкетаны талдап төмөндөгү корутундуга келдик.

1. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары түзүлүп,. “Эне мектебинде” окушкандан кийин анкетадагы 9 суроонун бардыгында эксперименттик топто өсүү болду. Бул өсүү макс: 100% (№8 суроо. “Эне мектебинде окугансызбы?”), мин: 40% (№4 суроо. “Балдардын психология, физиология, гигиенасын билесизби?”).

2. Бардык 9 багыт боюнча толук 100% жетишпегендиги, №4 суроодо 40% бойдон калаган. Бул табигый нерсе, себеби, “Энелер мектебинде” окуган энелердин баары алган билимдерин азырынча толук пайдаланууга жетише элек. Бирок, бул учуру менен, билимдин таасири менен, көнүгүү, машыгуу менен баары 90%га жетет деген ишеним бар.

**4-таблица. – Мугалимдердин педагогикалык маданиятынын таблицасы**

| | *Экспер.чейин* | | | *Экспер.кийин* | | | *Өсүү %* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *ооба* | ***жок*** | ***Кээде билбейм*** | ***ооба*** | ***жок*** | ***кээде*** | |
| **Ата-эне менен иштөө методдорун билесизби?** | 12<br>20% | 52<br>80% | | 53<br>84% | 11<br>16% | | 64% |
| **Ата-энелердин педагогикалык маданиятынан окуучулардын билим, тарбия сапаты көз каранды деп эсептейсизби?** | 29<br>45% | 35 | 35<br>60% | 57<br>90% | 7<br>10% | | 50% |
| **Мектептеги пед.совет, метод советтерде ата-энелер менен иштөө, аларды агартуу маселеси талкууланабы?** | 22<br>35% | 42<br>65% | | 34<br>54% | 30<br>46% | | 19% |
| **Сабактарга, тарбиялык сааттарга ата-энелерди чакырасызбы?** | 29<br>40% | 32<br>50% | 3<br>10% | 44<br>70% | 17<br>18% | 3<br>12% | 30% |
| **Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун методдорун, ыкмаларын билесизби?** | 20<br>30% | 44<br>70% | | 50<br>79% | 14<br>21% | | 49% |
| **“Эне мектебинде” сабак өтө аласызбы?** | 12<br>20% | 52<br>80% | | 55<br>86% | 11<br>14% | | 66% |
| **Классыңыздын ата-энелери менен группалык, индивидуалдык иш алып бара аласызбы?** | 29<br>40% | 35<br>60% | | 48<br>74% | 16<br>26% | | 54% |
| **Ата-энелер менен иштөө жөнүндө педагогикалык адабияттарды окугансызбы?** | 3<br>10% | 61<br>90% | | 44<br>70% | 20<br>30% | | 60% |

Жогорку таблицада белгиленгендей, ата-энелердин педагогикалык маданиятын өстүрүүнүн зарыл шарттарынын бири мугалимдин педагогикалык маданиятынын жогору болуусунан көз каранды экендигин эске алып, экспериментке чейин мугалимдерден анкета алганыбызда көпчүлүк

мугалимдердин (максим:66%, миним:19%) ата-энелер менен иштөө маданиятынын жетишсиз экендиги аныкталды.

Андан кийин эксперимент алкагында мугалимдердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу үчүн класс жетекчилердин атайын окуу семинарларын уюштуруп, жогорулоо көрсөткүчтөрү бар экендигин (максим:66%, миним:19%) байкадык.

Биз темабызга байланыштуу эксперимент алкагында 2 параллель классты (“эксперименталдык” жана “контролдук”) алып, окуу предметтери боюнча билим сапатын анализдегенибизде ата-энелери “Энелер мектебинде” окуган “Эксперименталдык” класстын окуучуларынын билим сапаты “Контролдук” класстагы окуучулардын билим сапатынан жогору болгондугун байкадык.

Ата-энелери “Энелер мектебинде” окуган эксперименталдык класстын жана контролдук класстын окуучуларынын билим сапаттарынын салыштырмалуу жыйынтыгынын гистограммасы *(3-сүрөт).*

Мында кыргыз тили, математика, тарых, биология предметтеринен эксперименталдык класстардын билим сапаты (б.а. “4”, “5”ке окуган окуучулар) контролдук класска салыштырганда кыргыз тили 16%га, математика 20%га, тарых 15%га биология 25%га жогору экендиги аныкталды.




Демек, ата-энелери “Энелер мектебинде” окуган 9-эксперименталдык класстын билим сапаты контролдук 9-класстын билим сапатына салыштырмалуу 15-25%га жогору болуп чыкты. Биз бул эксперимент аркылуу ата-энелердин педагогикалык маданиятынын жогорулоосу класстагы окуучулардын ар бир предметти өздөштүрүүсүндөгү жетишкендиктерге да билим сапатынын контролдук класска салыштырмалуу 15-20%га жогору болуусуна да таасир берүүсүн далилдедик.

Биз бир класстын ата-энелеринин педагогикалык маданиятын 6-класстан 10-класска чейин ар жылы класстык “Энелер мектебинде” окуусу аркылуу өсүп баруусу, ал класстын билим сапатынын жылдан жылга жогорулоосун бир нече класста талдап чыктык. Мисалы: 10-класс. Ал төмөнкү гистограммада көрсөтүлдү.




**4-сүрөт. 6-класстан 10-класска чейинки класстын жетишүүсү.**

Бир класста окуган окуучулардын ата-энелердин педагогикалык маданиятынын өсүп баруусу ал класстын билим тарбиясынын жогорулоосуна түз таасир берүүсүн экспериментибиз аркылуу далилдедик. Биз бир нече класстын ата-энелеринин окуусу менен окуучулардын билим сапатынын ортосунда түз байланыш, көз карандылык бар экендигин талдап чыгып, анын ичинен 10-классты таблица (график) аркылуу бердик. Мында окуучулардын жетишүүсүнүн орточо баллы 5 жылдын ичинде жылдан жылга өсүп баруусу көрүнүп турат, б.а. 5 жылдын ичинде окуучулардын жетишүүсүнүн орточо баллы 22,2% өскөн.

Демек, окуучулардын жетишүүсү ата-энелердин педагогикалык маданиятынан түздөн-түз көз каранды экендигин бул экспериментибизде 10-класстын мисалында далилдедик.

**5-таблица. – Ата-энелери “Энелер мектебине” катышкан окуучулардын жетишүүсү**

| Класс | Ата-энелери “Энелер мектебине” катышкан. % менен. | Окуучулардын жетишүүсүнүн орточо баллы |
|---|---|---|
| 6 | 51% | 4.5 |
| 7 | 64% | 4.1 |
| 8 | 72% | 4.2 |
| 9 | 74% | 4.3 |
| 10 | 60% | 4.1 |
| 11 | 74% | 4.2 |

Бул таблицада ата-энелер “Энелер мектеби”, педагогикалык агартууга катышуусу менен окуучулардын класстардагы жетишүүсүнүн ортосундагы түз пропорция бардыгы көрүнүп турат, б.а. “Энелер мектебиндеги” окууга көп катышкан ата-энелердин балдарынын класстагы жетишүүсүнүн орточо упайы жогору болгондугу аныкталды. Демек, биздин эксперимент аркылуу ата-энелердин педагогикалык маданиятынын жогорулоосу окуучулардын билим тарбия сапатынын жакшыруусуна түздөн-түз таасир берүүсү далилденди.

## ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Талдоого алынган тарыхый-педагогикалык фактылар балдарды окутуу тарбиялоонун натыйжалуулугу тикеден-тике ата-энелердин педагогикалык маданиятынан көз каранды болуп келгендин тастыктайт.Мындай ой корутундулар байыркы элдик педагогикалык б.а. макал лакап, санат, насыят, үлгү ырларынан баштап “Манас”эпосуна чейинки бардык булактарында “жазылбаган” жашоо турмуш мыйзамы катары улам байып, өнүктүрүлүп келген. Адамзат коомундагы цивилизациялык процесстердин өнүгүшү б.а. атайын билим берүү мекемелеринин пайда болушу ата-энелерди балдарды тарбиялоо милдетин андан ары татаалдатып олтурган. Азыркы педагогика илим корунда ата энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн мазмуну, метод, ыкмалары туралуу билимдер арбын, бирок, аларды конкретүү социалдык мейкиндикте өнүктүрүү жагы илимий жактан негиздөө жагы жеткиликтүү колго алынган эмес.

2. Ата-энелердин педагогикалык маданияты: *когнитивдик, операциялык, коммуникативдик, рефлексивдүү, эмоционалдык* сыяктуу компоненттерден турат. Ата-энелердин педагогикалык маданиятынын критериалдык көрсөткүчтөрү төмөнкүлөр: нравалык-этикалык, педагогикалык-психологиялык, өз алдынча билимин өркүндөтүү, ата-энелердин чогулуш, конференцияларда активдүүлүгү, үй-бүлөдөгү тарбиялык ишмердүүлүк, тарбиялоонун натыйжалуулугу, үй-бүлөдө жагымдуу моралдык-психологиялык климаттын болушу, ымала маданияттын болуусу, тарбия баалуулугунун болуусу. Ата энелердин педагогикалык маданиятынын сапаттык жана сандык айрымачылыктарын жогорку, ортоңку, төмөнкү үч деңгээлге ажыратып кароо мүмкүн экендиги айкындалды.

3. Теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн натыйжасында айыл мектебинин шартында ата энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн төмөнкүдөй педагогикалык шарттары айкындалды: ата-энелерди балдарды тарбиялоого көмөк берүүчү илимий-педагогикалык, популярдуу, адабий, маданий ж.б. китептер менен камсыздоо; балдардын жаш курагын, жеке өзгөчөлүктөрүн эске алып, тарбиялоочу ата-энелер мектебин уюштуруу; мугалимдердин, класс жетекчилердин өз билимин өркүндөтүүсү жана өз алдынча билим алуусу аркылуу педагогикалык маданиятын жогорулатуу; мугалимдердин, ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу боюнча максаттуу даярдоо жана кайра даярдоо; мугалимдердин жана ата-энелердин жаңы информациялык чөйрөдө жана информациялык коомдо иштөөгө даярдыгын (интернет технологиялары, мультимедиа каражаттары ж.б. технологиянын жетишкендиктери менен иштөө) камсыздоо; мектептин жана мугалимдердин ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүгө жетекчилиги, координатор болуусу; айылдагы соц.мекеме, уюмдардын ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүдө кызматташуусу; ата-

энелердин педагогикалык маданиятын аныктоо, өлчөө өркүндөтүүгө жетекчилик кылуучу уюмдун болуусу, иштөө механизмин түзүү.

4. Эксперименталдык тажрыйба иштеринин натыйжалары сунуш-талган педагогикалык шарттардын илимий-практикалык негиздүүлүгүн тастыктады. Жыйынтыгында, эксперименттик класстын окуучуларынын "Энелер мектебинде" окуган энелеринин педагогикалык маданияты 60-70% түздү. Ошол эле учурда контролдук группалардагы класстардын ата-энелердин педагогикалык маданияты 30-40% түзүп, ал класстын окуучуларынын билим сапаты да 35-45% болду. Экспериментке чейин ата-энелердин тарбиялык билим, билгичтиктеринин "жогору" болгонунун орточо көрсөткүчү 16,4% болсо, "орточо" жана "төмөнкүсүнүкү" 82.6%. Мында "төмөнкү" деңгээл баарынан жогору болуп, 49% түздү, "ортонку" 34,6% болду. Ал эми эксперименттен кийин "Жогорку" 32,8%, "Орто" 44%, "Төмөнкү" деңгээл 23.2% түздү. Мында жогорку деңгээл эки эсеге б.а. 50%га, "ортонку" 25%га өстү. Ал эми "төмөнкү" деңгээлдеги ата-энелер 53% төмөндөгөн.Демек, "Энелер мектеби" модели биздин экспериментибиздин максаты ишке ашты десек болот.

*Практикалык сунуштар:*

1. "Энелер мектеби" аркылуу айыл мектептериндеги ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу моделин республиканын башка мектептерине жайылтуу.

2. Ата-энелерди бала тарбиясына кызыктыруу максатында эксперимент алкагында иштелип чыгып, сынактан өткөрүлгөн "Мыкты эне", " Мыкты үй-бүлө", "Мыкты сабак даярдоочу бөлмө" ж.б. конкурстарын айыл мектептеринде өткөрүү жана ал конкурстарда жеңип чыккан ата-энелердин тажрыйбаларын жайылтуу.

3. Ата-энелерге арналган педагогикалык адабияттар, гезит журналдар массалык түрдө чыгарылып, айыл мектептеринин ата-энелерине жеткирүү.

4. Жогорку окуу жайларда студенттердин ата-энелер менен иштөө методикасын калыптандыруу боюнча атайын курс киргизүү. Мугалимдердин билимин жогорулатуу боюнча курстарда ата-энелер менен иштөөгө даярдоого өзгөчө көңүл буруу. Азыркы учурда коомубузда тарбия маселесинин актуалдуулугун эске алып, бардык район, областарда ата-энелердин конференциясын өткөрүп, ата-энелердин бала тарбиясына арналган съезддерин өткөрүп туруу.

**Диссертациянын мазмуну төмөндөгү эмгектерде чагылдырылды:**

**Методикалык колдонмолор:**

1. **Мадаминов, Г.М.** Акыл эмгегинин маданияты [Текст] / Г.М. Мадаминов. – Бишкек, 2012. – 171 б.

2. **Мадаминов, Г.М.** Ата-энелер сиздер үчүн [Текст] / Г.М. Мадаминов. – Бишкек, 2018. – 114 б.

3. **Мадаминов, Г.М.** Устаттык өнөрү [Текст] / Г.М. Мадаминов. – Бишкек, 2011. – 114 б.

4. **Мадаминов, Г.М.** Ой-өрүшү – кругозор: мугалим, окуучу, студент, ата-энелер үчүн) [Текст] / Г.М. Мадаминов, К. Батыров. – Бишкек, 2016. – 144 б.

**Илимий макалалар:**

5. **Мадаминов, Г.М.** Жаны социалдык педагогикалык шарттарда билим баалуулугун сактап калуу жана окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттыруу [Текст] / Г.М. Мадаминов // Эл агартуу. – 1996. – №1-2. – 70-73-бб.

6. **Мадаминов, Г.М.** Мектептеги традициялуу эмес методикалык иштер системасы [Текст] / // Мектеп / Г.М. Мадаминов. – 2007. – 15-17-бб.

7. **Мадаминов, Г.М.** Азыркы мезгилдеги жаш муундар тарбиясындагы социалдык-психологиялык көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн жолдору (Лейлек районундагы №3 эксперименталдык гимназиянын мисалында) [Текст] / Г.М. Мадаминов, А. Кенженазар кызы // Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттин Жарчысы. – 2014. – 33-36-бб.

8. **Мадаминов, Г.М.** Жаш муундун ден соолугун чыңдоодогу мектеп жана үй-бүлөнүн биргелешкен иши. [Текст] / Г.М. Мадаминов // Дени сак муун – руху таза коомдун тиреги. VII-республикалык илимий симпозиум. – 2014. – 115-118-бб.

9. **Мадаминов, Г.М**. Үй-бүлөлүк тарбияда балдардын ден-соолугуна кам көрүү [Текст] / Г.М. Мадаминов // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – 2014. – №2(30). – 234-239-бб.

10. **Мадаминов, Г.М.** Инсан таануу сабагынын таалим-тарбиялык мааниси (профессор И. Бекбоевдин мисалында) [Текст] / Г.М. Мадаминов // Кыргыз билим берүү адемиясынын Кабарлары. – 2015. – 15-18-бб.

11. **Мадаминов, Г.М.** Актуальные вопросы развития педагогической культуры радителей [Текст] / Каниметов Ж., Г.М. Мадаминов // Известия Кыргызского государственного технического университета им. И. Раззакова №4(40). – 2016. – 234-238-бб.

12. **Мадаминов, Г.М.** Подготовка школьников для обучения в Международных университетах [Текст] / Г.М. Мадаминов // Известия Кыргызского государственного технического университета им. И. Раззакова №4(40). – 2016. – 238-244-бб.

13. **Мадаминов, Г.М.** Билим берүүнү демократиялаштыруу мектеп жана жогорку окуу жай кызматташтыгынын жаңы модели катары [Текст] / Каниметов К.Ж., Мадаминов Г.М. // И. Арабаев ат. КМУнун Жарчысы. – 2016. – 51-51-бб.

14. **Мадаминов, Г.М.** Лицейлердин окуу процессине карата дифференцирленген мамиле [Текст] / Г.М. Мадаминов, Жафер Топжан // И. Арабаев ат. КМУнун Жарчысы. – 2016. – 68-72-бб.

15. **Мадаминов, Г.М.** Сравнение предложений ВУЗов и ожидание работадателей [Текст] / Ж. Жакшылыков, Г.М. Мадаминов // Ученый XXI века. –Йошкар-Ола. – 2017. – №4-3. – 28-32-бб.

16. **Мадаминов, Г.М**. Акыл эмгегинин маданиятын пайдалануу аркылуу билим тарбия сапатына жетүү [Текст] / Г.М. Мадаминов // Б. Данияров: Агартуу майданындагы усулдук изденүүлөр жана табылгалар 1-Республикалык усулдук конференциянын материалдары. – Ош. – 2017. – 7-10-бб.

17. **Мадаминов, Г.М.** Семейные ценности воспитания – важнейший компонент педагогической культуры родителей (на основе этнопедагогики) [Текст] / Г.М. Мадаминов // Известия КГТУ им. И. Раззакова. – 2017. – С. 179-185.

18. **Мадаминов, Г.М.** Сегодняшнее состояние педагогической культуры родителей в сельской местности [Текст] / Г.М. Мадаминов // Известия КГТУ им. И. Раззакова. – 2017. – С. 185-191.

19. **Мадаминов, Г.М.** Педагогическая культура родителей: содержание, компоненты и критерии [Текст] / Г.М. Мадаминов // Современная высшая школа: инновационный аспект (Contemporary higher education: innovative aspekts). – Челябинск. – 2018. – №2. – С. 50-56.

20. **Мадаминов, Г.М.** Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары. [Текст] / Г.М. Мадаминов // Известия ВУЗов. – 2018. – №5. – 24-27-бб.

**Мадаминов Гапырдын «Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.0.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнө**

## РЕЗЮМЕ

**Түйүндүү сөздөр:** айыл мектеби, ата-энелер, педагогикалык маданият, педагогикалык шарттар, тарбия, “Энелер мектеби”, автордук программа.

**Изилдөөнүн максаты**: айыл мектептерде ата-энелердин педагогикалык маданиятынын өнүктүрүүнүн моделин иштеп чыгуу жана аны натыйжалуу ишке ашыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо.

**Изилдөөнүн объектиси:** ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети**: айыл мектептерде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн модели жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары.

**Изилдөөнүн методдору:** илимий эмгектерди теориялык жактан талдоо; жалпылоо, моделдештирүү, сурамжылоо, анкета алуу, аңгемелешүү жүргүзүү, тест алуу; педагогикалык экспериментти уюштуруу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** ата-энелердин окутуу жана тарбиялоо чөйрөсүндөгү активдүүлүгүн өркүндөтүүнүн тарыхый жана илимий-теориялык негиздери айкындалды; ата энелердин педагогикалык маданиятынын мазмуну, структурасы, критерийлери иштелип чыгып апробациядан өткөрүлдү; айыл мектептериндеги ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттары илимий жактан негизделип, эксперимент аркылуу тастыкталды. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүгө арналган автордук программа жана колдонмолор басмадан чыгарылып, апробациядан өткөрүлдү.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү – анын натыйжаларын пайдалануу, билим сапатына диагноздоо жана мониторинг жүргүзүү, өркүндөтүүгө, ата энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга жардам берет. Автор тарабынан иштелип чыгып таасирдүүлүгү көп жылдык тажрыйбада тастыкталган “Энелер мектебин” – ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун жаңы модели катары колдонууга болот. Изилдөөнүн натыйжаларын камтыган автордун илимий методикалык колдонмолорун жогорку окуу жайлардын мугалимдерди даярдоо практикасында колдонууга болот.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Мадаминова Гапыра на тему: «Педагогические условия развития педагогической культуры родителей сельской школы» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.001 общая педагогика, история педагогики и образования.**

**Ключевые слова:** сельская школа, педагогическая культура родителей, педагогические условия, педагогическое воспитание, «Материнская школа», «Родители, посвящается вам», «В помощь родителям», авторская программа.

**Цель исследования:** разработать модель развития педагогической культуры родителей сельской школы и определение педагогических условий его продуктивного осуществления.

**Объект исследования:** процесс развития педагогической культуры родителей.

**Предмет исследования:** Модель развития педагогической культуры родителей сельской школы и педагогические условия ее осуществления.

**Методы исследования:** теоретический анализ научных трудов, обобщение, моделирование, опрос, анкетирование, интервью, тестирование, организация педагогического эксперимента.

**Научная новизна исследования:** выявлено научно-теоретические и исторические основы развития активности родителей в процессе обучения и воспитания; были разработаны и апробированы содержание, структура и критерии педагогической культуры родителей; были научно основаны и экспериментально доказаны педагогические условия развития педагогической культуры родителей сельской школы; опубликованы и апробированы авторская программа и методические пособия, посвященные развитию педагогической культуры родителей;

**Практическая значимость исследования:** Практическая значимость исследования-использование его результатов, мониторинг и диагностирование качества знаний помогает прогрессу и повышению уровня педагогической культуры родителей. «Материнская школа», которая была разработана автором, показала свою результативность многолетним опытом, доказывая, что эту новую модель можно использовать в повышении уровня педагогической культуры родителей. Научно-методические пособия автора, в которых освящены результаты исследования, можно использовать на практике подготовки учителей в ВУЗах

## SUMMARY

**of Madaminov Gapyr's dissertation on "Pedagogical conditions for the development of pedagogical culture of parents of rural schools" for the degree of Candidate of Pedagogical Sciences in specialty 13.001 general pedagogy, history of pedagogy and education.**

**Key words:** rural school, parents' pedagogical culture, pedagogical condition, pedagogical upbringing, "Mather’s school", "Parents book", "To help parents", author's program.

**The purpose of the study** is to develop a model for the development of the pedagogical culture of parents in rural schools and to determine the pedagogical conditions for its productive implementation.

**Object of research:** the process of development of pedagogical culture of parents.

**The subject of the research:** The model of the development of the pedagogical culture of the parents of rural schools and the pedagogical conditions for its implementation.

**Research methods:** theoretical analysis of scientific works, generalization, modeling, questioning, interview, testing, organization of pedagogical experiment.

**Scientific novelty of the research:** the scientific-theoretical and historical bases of development of parents' activity in the process of education and upbringing are revealed; the content, structure and criteria of the pedagogical culture of parents were developed and tested; pedagogical conditions for the development of the pedagogical culture of parents of rural schools were scientifically founded and experimentally proved; published and approved the author's program and methodological manuals on the development of the pedagogical culture of parents;

**Practical significance of the study:** using its results, monitoring and diagnosing the quality of knowledge helps to improve the level of the pedagogical culture of parents. "Mather’s School", which was developed by the author, has shown its effectiveness with many years of experience and it can be used as a new model in raising the level of the pedagogical culture of parents. Scientific and methodical manuals of the author, in which the results of the study are sanctified, it is possible to use in practice the preparation of teachers in higher educational institutions.